**САБАККА БАЙКОО ЖҮРГҮЗҮҮНҮН УНИВЕРСАЛДУУ ФОРМАСЫ (BAALOOAPP)**

Бул форма КР ББИМ тарабынан бекитилген Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлеринин кесиптик стандартында бекитилген компетенттүүлүктөргө негизделген (2022-жылдын 27-июнундагы №1269/1). Сабакка байкоо жүргүзүү формасын мугалим өзүн-өзү баалоосу үчүн, ошондой эле мугалимге усулдук колдоо көрсөтүү үчүн же кесиптик стандарттын талаптарын аткарышын баалоо максатында МУБдун жетекчиси, завуч (директор), райББ/шаарББ методисти тарабынан сабакка байкоо жүргүзүү үчүн колдонуу сунушталат.

Бул инструмент мугалимдин үч эмгек функциясы боюнча окутуу деңгээлин аныктоого жардам берет:

- мектепте билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын талаптарына ылайык окутууну пландаштыруу жана ишке ашыруу;
- шыктандыруучу коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү;
- баалоо жүргүзүү, окуучулардын окуу натыйжалары боюнча кайтарым байланыш берүү жана отчёттуулук.

***Нускама:*** Берилген форманы колдонуп, мугалимдин сабакта байкалган ишмердүүлүгүнүн деңгээлин ар бир критерий боюнча бир гана вариантты тандап белгилеңиз. Эгерде сабакта мугалимдин окутуу көндүмдөрү жана ишмердүүлүгү биринчи деңгээлге туура келсе, анда бул мугалимге усулдук колдоо көрсөтүү жана аны окутуу зарыл экендигин билдирет. Экинчи деңгээлдеги мугалим кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет, бирок бул деңгээлде да мугалим педагогикалык чеберчилигин өркүндөтүү үчүн усулдук колдоого муктаж болушу мүмкүн. Үчүнчү деңгээл негизинен кесиптик стандарттын талаптарынан ашкан мугалимди сүрөттөйт, башкача айтканда, мындай мугалим өз кесиптештеринин иш чеберчилигин өркүндөтүү жана аларга усулдук колдоо көрсөтүү ишмердүүлүгүн уюштуруучу же насаатчы болот алат.

| Критерийлер | Усулдук колдоого муктаж | Кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет | Стандарттын талаптарынан ашат |
|---|---|---|---|
| **1. Мамлекеттик стандарттын талаптарына ылайык окутууну пландаштыруу жана ишке ашыруу** | | | |
| 1.1. Пландардын болушу жана талаптарга жооп бериши | Календардык-тематикалык план жана / же сабактын план конспектиси жок, же пландар талапка жооп бербейт. | Календардык-тематикалык план жана/же сабактын план конспектиси документтин структурасына жана мазмунуна | Календардык-тематикалык план жана/же сабактын план конспектиси иштелип чыккан |

| Критерийлер | Усулдук колдоого муктаж | Кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет | Стандарттын талаптарынан ашат |
|---|---|---|---|
| | | карата коюлган талаптарга ылайык иштелип чыккан. Мугалим мурда иштелип чыккан пландарды аларга өзгөртүүлөрдү жана оңдоп-түзөөлөрдү киргизүү аркылуу колдоно алат. | |
| 1.2. Максат коюу | Сабактын максаттары окуучуларга берилген жок / мугалимдин окутуу максаты катары берилди /ченелүүчү жана ишке ашырарлык максат критерийлерине туура келбейт/ окуучуларга түшүнүксүз. | Сабактын максаттары түшүнүктүү түрдө айтылды/окуучуларга сабакта жетишиле турган ченелүүчү окуп-үйрөнүү натыйжалары түрүндө берилди. | Сабактын максаттары окуучуларга түшүнүктүү, ченелүүчү, предметтик стандартка жана окуу программасына ылайык келген, окуучулардын өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эске алуу менен жетишиле турган окуп-үйрөнүү натыйжалары түрүндө айтылды/берилди. |
| 1.3. Сабактын структурасынын жана мазмунунун логикасы жана ырааттуулугу | Сабактын ырааттуулугу жана анын мазмуну берилген убакыттын ичинде сабактын максаттарына жетүүгө алып келбейт. | Сабактын структурасы жана мазмуну ырааттуу түрдө белгиленген убакыттын ичинде сабактын коюлган максаттарына жетүүгө багытталган. | Сабактын структурасы жана мазмуну ырааттуу, ошол эле учурда сабак ийкемдүүлүк жана ыңгайлаштыруу менен өтүлгөнү байкалды. |
| 1.4. Предметтик мазмунду билүү | Мугалим жаңы мазмунду өтүүдө так эмес / толук эмес маалымат берет. Теориялык жактан алганда, предмет жөнүндө түшүнүгү бар, бирок жаңы түшүнүктөрдү | Мугалим окуучуларга жаңы мазмунду үйрөнүүдө так, илимий жактан негизделген маалымат берет. Негизинен жаңы түшүнүктөрдү окуучулар түшүнгүдөй кылып түшүндүрө | Мугалим сабактын темасынын мазмунун толугу менен билет. Ар дайым жаңы түшүнүктөрдү окуучулар түшүнө алгыдай кылып түшүндүрүп бере алат же көйгөйлүү суроолор, |

| Критерийлер | Усулдук колдоого муктаж | Кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет | Стандарттын талаптарынан ашат |
|---|---|---|---|
| | окуучуларга жеткиликтүү түрдө түшүндүрө албайт. Предметти өздөштүрүүнү жашоо менен сейрек байланыштырат. | алат. Предметти мектепте окуу менен коомдогу жашоону адатта байланыштырат. | тапшырмалар жана окуучулардын болгон тажрыйбасын актуалдаштыруу аркылуу окуучуларды жаңы теманы түшүндүрүүгө тартат. Предметти мектепте окуу менен коомдогу жашоону ар дайым байланыштырат. |
| 1.5. Окутуу методикасынын максатка ылайыктуулугу | Окутуунун усулдары жана ыкмалары максатка ылайык келбейт (толугу менен же жарым-жартылай), пландаштырылган окуп-үйрөнүү натыйжасына жетишүүгө алып келбейт /айрым окутуу ыкмалары жана усулдары сабактын жүрүшүндө кайра-кайра кайталанып колдонулду. Мугалим колдонгон ыкмаларын жана усулдарын эмне себептен тандап алганын дайым эле түшүндүрүп бере албайт. | Максаттарга жетүүгө, анын ичинде кызматташуу, коммуникация жана өзүн-өзү уюштуруу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган окутуунун ар кандай формалары, стратегиялары, усулдары жана ыкмалары колдонулду. Мугалим колдонгон ыкмаларын жана усулдарын эмне себептен тандап алганын түшүндүрүп бере алат. | Окуучулардын окуп-үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттыруучу, өз алдынча жигердүү окууга шыктандыруучу, сынчыл жана чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү окутуу формалары, усулдары жана ыкмалары окуу процессинин илгерилешине жараша ылайыкташтырылып тандалат жана ийкемдүү колдонулат. |
| 1.6. Ой жүгүртүүгө түрткү берген суроолорду жана тапшырмаларды колдонуу | Мугалим негизинен фактологиялык суроолорду жана репродуктивдүү мүнөздөгү тапшырмаларды берет. | Мугалим ар кандай деңгээлдеги суроолорду жана тапшырмаларды, анын ичинде жогорку деңгээлдеги көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган, ой жүгүртүүгө, оюн | Мугалим ар кандай деңгээлдеги суроолорду жана тапшырмаларды, анын ичинде жогорку деңгээлдеги көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган суроолорду жана |

| Критерийлер | Усулдук колдоого муктаж | Кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет | Стандарттын талаптарынан ашат |
|---|---|---|---|
| | | түшүндүрүүгө, пикирин негиздөөгө, жаңы же рационалдуу чыгарылыш жолдорун издөөгө шыктандырган суроолорду жана тапшырмаларды берет. | тапшырмаларды колдонот; окуучулар бири-бирине суроо беришет, ой жүгүртүшөт жана өз пикирлерин негиздешет. |
| 1.7. Сабакта мугалимдин ролу | Өзүнүн сабактагы ролун билимдин алып жүрүүчүсү катары карайт, сабактын жүрүшүндө үстөмдүк кылат. Маалыматтарды чогултууну, тыянак чыгарууну, чечим чыгарууну, өз алдынча окуп-үйрөнүүнү жана өз ара аракеттешүүнү талап кылган тапшырмаларды сейрек (же эч качан) колдонбойт. | Өзүнүн сабактагы ролун билимдин булагы катары эмес, фасилитатор катары карайт. Маалыматтарды чогултууну жана талдоону, тыянак чыгарууну, чечим чыгарууну, өз ара аракеттешүүнү талап кылган тапшырмаларды колдонот. | Окутуу окуучуларга көбүрөөк багытталат жана мугалим сабакта үстөмдүк кылбайт (убакыт болжол менен 20%/80% бөлүштүрүлгөн). Окуучулар системалуу түрдө негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган практикалык топтук тапшырмаларды жана долбоорлорду аткарууга тартылган. |
| 1.8. Сабакта дифференциацияланган окутууну колдонуу | Мугалим бүтүндөй класс (фронталдуу) же жеке окуучулар менен гана иштейт, топто жана жупта иштөө формаларын колдонбойт. Бардык окуучулар менен бирдей тапшырмаларды, түшүндүрүү ыкмаларын, нускамаларды колдонот. | Мугалим сабакта дифференциацияланган окутуунун ыкмаларын колдонот, окуучулардын окуу муктаждыктарын жана жөндөмдөрүн эске алат: ар кандай окутуу формаларын жана усулдарын/ топторду түзүү/түшүндүрүү ыкмаларын, жаңы материалды жеткирүү/ ар | Мугалим ийкемдүүлүк менен дифференциацияланган окутуу жүргүзөт, ар кандай лингвистикалык, маданий жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрү бар окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө жана муктаждыктарына ылайык келген ар кандай окутуу |

| Критерийлер | Усулдук колдоого муктаж | Кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет | Стандарттын талаптарынан ашат |
|---|---|---|---|
| | | кандай деңгээлдеги тапшырмаларды колдонуу/ суроолорго жооп берүү, практика жана өз алдынча иш үчүн убакыт берүү ж.б. | стратегияларын, формаларын жана ыкмаларын колдонот. |
| 1.9. Ресурстарды жана МКТны колдонуу | Мугалим колдо бар болгон окуу материалдарын, кошумча ресурстарды жана МКТны колдонбойт же жетиштүү деңгээлде натыйжалуу колдонбойт. | Мугалим окуучулардын окуп-үйрөнүүсүнө жардам берген ар кандай окуу жана маалымат ресурстарын жана окуу каражаттарын, анын ичинде кошумча окуу материалдарын, аудио визуалдык материалдарды жана маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонот. | Мугалим ар кандай ресурстарды жана окуу каражаттарын, анын ичинде МКТны ийкемдүү колдонот. Окуучулар ар кандай булактардан алынган маалыматтарды колдонуу, салыштыруу жана талдоо боюнча калыптанган көндүмдөрдү көрсөтүштү. |
| **2. Коопсуз окуу чөйрөсүн түзүү** | | | |
| 2.1. Физикалык чөйрөнүн коопсуздугу жана ыңгайланышы (адаптацияланышы) | Бар болгон физикалык чөйрөнү жана окуу каражаттарын сабактын максаттарына жана окуучулардын муктаждыктарына ылайыкташтырбастан колдонот / сабактын максаттарына кандайдыр бир деңгээлде ылайыкташтырат. Физикалык чөйрө негизинен коопсуздук талаптарына жооп берет. | Окуучулар үчүн класста коопсуз шарттарды түзөт. Сабактын максаттарына ылайык мейкиндикти уюштурат, физикалык чөйрөнү жана колдо болгон материалдык окуу каражаттарын ылайыкташтырат (окуу куралдары, окутуунун техникалык каражаттары, дидактикалык материалдар ж.б.). | Ар бир окуучу, анын ичинде өзгөчө муктаждыктары бар окуучуларга үчүн өз алдынча окууга шарт түзүү максатында физикалык мейкиндикти жакшыртат, ар кандай ресурстарды жана окуу каражаттарын колдоно билет (окуу куралдары, дидактикалык материалдар, окутуунун техникалык каражаттары, лаборатория шаймандары). |

| Критерийлер | Усулдук колдоого муктаж | Кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет | Стандарттын талаптарынан ашат |
| --- | --- | --- | --- |
| 2.2. Бардык окуучулардын окуу процессине катышуусу | Класста сабак учурунда окуу процессине катышпаган окуучулар бар.<br>Айрым окуучуларга кайра-кайра суроо берет, себеби алар туура жооп берерин билет.<br>Жоопту ойлонууга сейрек убакыт берет. | Бардык окуучулар окуу процессине тартылган. Мугалим бардык окуучуларды окуу процессине тартуу үчүн түрлүү топтук жана жекече иш формаларын, стратегияларды жана усулдарды колдонот. Негизинен окуучуларга жооп берүүнүн алдында ойлонууга убакыт берет. | Бардык окуучулар окуу процессине тартылган, сабакта окуучулардын ар кандай окуу муктаждыктары жана жөндөмдөрү эске алынат. Окуучуларга ар дайым жооп берүүнүн алдында ойлонууга убакыт берет. |
| 2.3. Жагымдуу чөйрө түзүлүшү жана дискриминациянын жоктугу | Сабакта негизинен мугалим менен окуучулардын ортосунда жагымдуу чөйрө түзүлгөн / кээ бир гендердик, этникалык жана маданий стереотиптер байкалат. | Сабактын жүрүшүндө мугалим менен окуучулардын ортосунда жагымдуу чөйрө түзүлгөн жана сакталат /сабак учурунда пикир алышууда жана окуу ишмердүүлүгүндө гендердик, этникалык жана маданий стереотиптер жана дискриминациянын бардык түрлөрү орун алган эмес. | Сабактын жүрүшүндө жана сабактан тышкаркы убакытта мугалим менен окуучулардын ортосунда диалогго жана кызматташууга негизделген жагымдуу чөйрө түзүлгөн жана сакталат /сабак учурунда пикир алышууда жана окуу ишмердүүлүгүндө гендердик, этникалык жана маданий стереотиптер жана дискриминациянын бардык түрлөрү орун алган эмес. |
| 2.4. Классты башкаруу | Сабакта талкуу жүргүзүүнүн ачык-айкын эрежелерин белгилебейт жана эрежелер бар болсо дагы, алар сакталбайт. | Сабакта талкуу жүргүзүүнүн түшүнүктүү эрежелерин белгилейт, эрежелер негизинен сакталат, мугалим өзү да эрежелерди сактайт. | Сабакта талкуу жүргүзүүнүн эрежелерин белгилейт жана аларды эске салып турат. Эрежелерди баары сакташат. Так нускамаларды берет жана |

| Критерийлер | Усулдук колдоого муктаж | Кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет | Стандарттын талаптарынан ашат |
|---|---|---|---|
| | Мугалимдин тапшырмаларды аткаруу боюнча нускамалары дайыма эле так боло бербейт. Убакыт көбүнчө сабакта коюлган максаттарга жетүү үчүн жетишсиз. Негизинен, мугалим түшүндүрүүгө убакыт кетирет, ал эми практика жана окуучулардын суроолору үчүн дээрлик убакыт бөлбөйт. | Тапшырмаларды аткаруу боюнча так нускамаларды берет жана аларды аткарууга жетиштүү убакыт берет. Класста окуу ишмердүүлүгүнө байланыштуу ызы-чуурга жол берилет. Материалды далайга созуп түшүндүрүп берүүгө сейрек убакыт кетирет жана окуучулардын практикасына жана суроолоруна жетиштүү убакыт бөлөт. | алар окуучуларга түшүнүктүү болгонун текшерет, окуучулардын түшүнгөнүнө жараша нускамаларды ылайыкташтырат. Калыптанып жаткан көндүмдөрдү практика жүзүндө колдонууга жана окуучулардын суроолоруна ар дайым жетиштүү убакыт бөлөт. Окуучулар өзүн-өзү уюштуруунун жогорку деңгээлин көрсөтүшөт. |
| **3. Баалоо жүргүзүү, окуучулардын окуу натыйжалары боюнча кайтарым байланыш берүү жана отчёттуулук** | | | |
| 3.1. Баалоонун вариативдүүлүгү (өзгөрүлмөлүүлүгү) | Мугалим баалоо усулдарынын жана ыкмаларынын чектелген топтомун колдонот (суроо – жооп же репродуктивдүү мүнөздөгү тапшырмалар). | Мугалим бааланып жаткан билим жана көндүмдөргө жараша, ошондой эле окуучулардын жөндөмдөрүн жана өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен сабакта баалоонун ар кандай түрлөрүн, формаларын, усулдарын жана инструменттерин колдонот. | Мугалим билимди гана эмес, көндүмдөрдү жана компетенттүүлүктөрдү, анын ичинде коммуникациялык, чыгармачыл жана сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн баалоого мүмкүнчүлүк берген баалоонун ар кандай түрлөрүн, формаларын жана ыкмаларын сабакта ийкемдүү колдонот. |
| 3.2. Калыптандыруучу баалоонун негизинде окутууну ылайыкташтыруу | Айрым окуучулар же бардык окуучулар пландаштырылган окуп-үйрөнүү натыйжаларына жетише албаса, мугалим окутуу | Ыкчам калыптандыруучу баалоо ыкмаларын колдонуп, окуучулардын сабактагы жетишкендиктерин көзөмөлдөйт, | Окутууну жакшыртуу үчүн калыптандыруучу баалоонун ар кандай ыкмаларын колдонот. Эгер айрым окуучулар же |

| Критерийлер | Усулдук колдоого муктаж | Кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет | Стандарттын талаптарынан ашат |
|---|---|---|---|
| | практикасын сейрек өзгөртөт же такыр өзгөртпөйт. Адатта, мугалимдин үстөлүнүн артында же досканын алдында жайгашат, окуучулардын ишмердүүлүгүнө байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү чектелген. | керекке жараша колдонула турган окутуу усулдарын жана ыкмаларын, ошондой эле кийинки сабакка карата пландарын оңдоп-түзөйт. Адатта, класстын ичинде кыймылда жана окуучулардын ишмердүүлүгүнө жакшыраак байкоо жүргүзө алат. | бардык окуучулар пландаштырылган окуу жетишкендиктерге/натыйжаларга жетише албаса, дайым окутуу ишмердүүлүгүн өзгөртүүнүн жолдорун табат. |
| 3.3. Критерийлерге негизделген баалоо | Мугалим баалоонун критерийлерин жана тапшырмалар ийгиликтүү аткарылгандыгын билдирген критерийлерди айтпайт/белгилебейт. Окуучулар критерийлерди билишпейт. | Окуучуларга тапшырмаларды баалоо критерийлери (оозеки же жазуу жүзүндө) берилген же окуучулар менен талкууланган. | Мугалим критерийлер жөнүндө окуучуларга эскертет же окуучулар менен биргеликте иштеп чыгат. Окуучулар баалоо критерийлерин билишет жана аларды тапшырмаларды аткарууда жана баалоодо колдонушат. |
| 3.4. Окуучулардын баалоого катышуусу | Сабакта жалгыз гана мугалим баалоо жүргүзөт. | Окуучулар өзүн-өзү баалоого жана өз ара баалоого тартылган. | Окуучулар калыптанган өз ара баалоо жана өзүн-өзү баалоо көндүмдөрүн көрсөтүшөт. |
| 3.5. Кайтарым байланыш. | Мугалим окуучуларды мактоо жана "Азамат!" деген сыяктуу кыскача оозеки баа берүү аркылуу кубаттайт/ негизинен, терс жактарга басым жасайт. Баа гана коёт, негизинен окуучуга кошумча маалымат бербейт, аткарылган иштин | Мугалим жеке окуучуларга, кичи топторго жана жалпы класска оозеки жана/же жазуу жүзүндө конструктивдүү жана тең салмактуу (кемчиликтерди да, жетишкендиктерди да белгилеген), жалпысынан критерийлерге негизделген | Мугалим критерийлерге негизделген конструктивдүү кайтарым байланыш берет, ошондой эле окуучуларга бири бирине (оозеки же жазуу жүзүндө) түшүндүрмөлөрдү берүүгө мүмкүнчүлүк берет. |

| Критерийлер | Усулдук колдоого муктаж | Кесиптик стандарттын талаптарына жооп берет | Стандарттын талаптарынан ашат |
|---|---|---|---|
| | мисалдарын көрсөтпөйт, окуучу окуу натыйжасын жакшыртуу үчүн эмне кылышы керек экендигин түшүндүрбөйт. | кайтарым байланыш берет, окуучу жетишкен прогресске жана ийгиликке жетишүү үчүн эмне кылышы керек экендигине басым жасайт. Коюлган баалар баалоо критерийлери менен бирдикте айтылат. | Коюлган бааны окуучулар да, мугалим да баалоо критерийлери менен байланыштырып айтышат. |
| 3.6. Баалоонун жыйынтыктарын документтештирүү | Мугалим класстык же электрондук журналды толтурат. | Мугалим журналды толтурат жана окуучулардын прогрессин көзөмөлдөө үчүн (башталгыч класстарда) сапаттык же сүрөттөөчү бааны чагылдырган жазууларды жүргүзөт. | Мугалим журналды толтурат. Керекке жараша, жазууларды жана заметкаларды жазат. Окуучулардын предметти өздөштүрүүдөгү прогрессин чагылдырган портфолиосу бар. |